КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

# ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №18 - КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

2026-жылдын 08-апрель №126 Оргочор айылы

## Үч сааттык бала бакча ачуу жөнүндө

Оргочор айыл аймагына караштуу Светлая Поляна айылынын эски бала бакчанын имараттын оңдоп түзөөдөн өткөрүп 3 саттык бала кылып ачуу боюнча айыл өкмөтүнүн орун басары К.Искаковдун жана айыл башчысы У.Искаковдун билдирүүлөрүнүн негизинде, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын 12-беренесине, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, ошондой эле мектепке чейинки билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн арттыруу максатында,Оргочор жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Н.Бараканов көчөсүнүн №6. идентификациялык №2-02-12-1001-0034 кодунда орун алган эски бала бакчанын (Дет.сад) жалпы аянты 3334.8 чарчы метр жер аянтында жайгашкан имаратка 3 саатык бала бакча ачууга макулдук берилсин.
2. **Айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго:**
   - 3 саатык бала бакча ачууга тиешелүү иш кагаздарын бүтүрүү;
   - Аймактагы 3 жаштан 6 жашка чейинки бакчага барбаган балдардын тизмесин тактап, ата-энелер арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;
   - Долбоордун алкагында иш алып баруу жагы жүктөлсүн.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.
4. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго жана көзөмөлдөө жагы финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө жана социалдык маселелери боюнча туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Тыныбеков**